КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АЛАЙ РАЙОНУ
БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАЙСКИЙ РАЙОН
БУДАЛЫКСКИЙ АЙИЛЬНЫЙ КЕНЕШ

БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН 7 ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
КЕЗЕКТЕГИ 20 ЗАСЕДАНИЕСИНИН
**ТОКТОМУ**

2023-жылдын 24 -октябры № 20/4 Кайнама айылы

**Будалык айыл өкмөтүнө караштуу Кум Шоро айылынын жашоочулары тарабынан өткөрүлгөн 2023-жылдын 18-сентябрындагы №7 элдик жыйындын протоколун жана ошол эле айылдын тургундары Бөрүбаев Уланбектин, Бөрүбаев Жумгалбектин арыздарын кароо жөнүндө**

Будалык айыл өкмөтүнө караштуу Кум Шоро айылынын жашоочулары тарабынан уюшулган 2023-жылдын 18-сентябрындагы №7 элдик жыйында Кум Шоро айылынан чыккан Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу Ибраев Бөрүбайдын ысмын №32 Кум Шоро орто мектебине ыйгаруу жөнүндө протоколун жана ошол эле айылдын тургундары Бөрүбаев Уланбектин, Бөрүбаев Жумгалбектин жогорудагы мазмунда жазылган арыздарын карап чыгып Будалык айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик маанидеги объекттерге ат берүү жана атын өзгөртүү тартиби" жөнүндө Жобонун талаптарына ылайык, Будалык айылдык Кенешинин депутаттарынын көпчүлүк добушунун негизинде Кум Шоро айылындагы №32 Кум Шоро орто мектебине Ибраев Бөрүбайдын ысмы ыйгарылсын.

2. Будалык айылдык Кенешинин 2023-жылдын 17-июлундагы 16-заседаниесинин №16/5 токтомунун 1-пункуту күчүн жоготту деп табылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бардык туруктуу комиссияларга милдеттендирилсин.

**Төрага** **Арапбай уулу Улан**